


# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ-КЫЛЫМ АДАМЫ


**«АДАМГА ЭН КЫЙЫНЫ - КҮН САЙЫН АДАМ БОЛУУ»**

**Ч.АЙТМАТОВ**

# ӨМҮР ЖОЛУ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ




- КЫРГЫЗСТАНДЫН ЗАЛКАР УУЛУ, ДҮЙНӨГӨ АТЫ ТААНЫМАЛ БЕЛГИЛҮҮ ЖАЗУУЧУ, КООМДУК ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ИШМЕР ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ ТАЛАС ОБЛУСУНА КАРАШТУУ КАРА-БУУРА РАЙОНУНДАГЫ ШЕКЕР АЙЫЛЫНДА 1928-ЖЫЛЫ 12-ДЕКАБРДА ТУУЛГАН.
- 1946-ЖЫЛЫ ЖАМБЫЛ ШААРЫНДАГЫ ЗООВЕТЕРИНАРДЫК ТЕХНИКУМДУ, 1953-ЖЫЛЫ К.И.СКРЯБИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК АЙЫЛ ЧАРБА ИНСТИТУТУН БҮТҮРГӨН, 1956-1958-ЖЖ. МОСКВАДАГЫ ЖОГОРКУ АДАБИЯТ КУРСУНУН УГУУЧУСУ БОЛГОН.



- СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДА ШЕКЕР АЙЫЛЫНДА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН КАТЧЫСЫ, РАЙФИНБӨЛҮМДҮН АГЕНТИ, 1953-1956-ЖЖ. КЫРГЫЗ МАЛ-ЧАРБА ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУНУН ЭКСПЕРИМЕНТТИК ФЕРМАСЫНДА ЗООТЕХНИК, 1958-1960-ЖЖ. "ЛИТЕРАТУРНЫЙ КИРГИЗСТАН" ЖУРНАЛЫНЫН РЕДАКТОРУ, 1960-1965-ЖЖ. "ПРАВДА" ГЕЗИТИНИН ӨЗ КАБАРЧЫСЫ, 1965-1986-ЖЖ. КЫРГЫЗСТАН КИНЕМАТОГРАФИСТТЕР СОЮЗУНУН ТӨРАГАСЫ, 1988-1990-ЖЖ. "ИНОСТРАННАЯ ЛИТЕРАТУРА" ЖУРНАЛЫНЫН БАШКЫ РЕДАКТОРУ, СССР ПРЕЗИДЕНТИНИН КЕҢЕШЧИСИ, 1991-ЖЫЛДАН ЭЛЧИЛИК КЫЗМАТТА (1991-ЖЫЛДАН КЫРГЫЗСТАНДЫН БЕЛЬГИЯ МАМЛЕКЕТИНДЕГИ ЭЛЧИСИ) БОЛГОН.

- АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ СТУДЕНТ КЕЗИНДЕ БАШТАЛГАН. ОРУС ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕ ЖАЗЫП, БИРИНЧИ АҢГЕМЕСИ "ГЕЗИТЧИ ДЗЮЙДО" ДЕГЕН АТ МЕНЕН 1952-ЖЫЛЫ "КИРГИЗСТАН" АЛЬМАНАХЫНДА ОРУС ТИЛИНДЕ ЖАРЫЯЛАНГАН.
- АНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ЭЛ АРАЛЫК ДЕҢГЭЭЛДЕ КӨТӨРҮП, ЖАЗУУЧУНУН ДЭЭРЛИК БАРДЫК ЧЫГАРМАЛАРЫ КМШ ӨЛКӨЛӨРҮНҮН ДРАМА ЖАНА ОПЕРА ТЕАТРЛАРЫНЫН САХНАЛАРЫНДА КОЮЛГАН ЖАНА ЧЫГАРМАЛАРЫ БОЮНЧА ТАРТЫЛГАН КИНОФИЛЬМДЕР ЭЛ АРАЛЫК КИНОФЕСТИВАЛДАРДЫН СЫЙЛЫКТАРЫНА ЖАНА БАЙГЕЛЕРИНЕ ТАТЫКТУУ БОЛГОН



# ЧЫГАРМАЛАРЫ

- «АТАДАН КАЛГАН ТУЯК»
- «САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ»
- «ЭРТЕ КЕЛГЕН ТУРНАЛАР»
- «БОТОГӨЗ БУЛАК»
- «БУГУ ЭНЕ»
- «КЫЗЫЛ АЛМА»
- «АКБАРАНЫН КӨЗ ЖАШЫ»
- «БИРИНЧИ МУГАЛИМ»

«ДЕЛБИРИМ»
«БЕТМЕ –БЕТ»
«КЫЛЫМ КАРЫТАР БИР КҮН»
«АК КЕМЕ»
«ГЕЗИТЧИ ДЗЮЙО»
«ЖАМИЙЛА»
«ФУДЗИЯМАДАГЫ КАДЫР ТҮН»



# БАШКЫ КААРМАНДАРЫ ТАРЫХЫЙ ИНСАНДАР ЭМЕС, КАРАПАЙЫМ АДАМДАР

- ТАНАБАЙ, СЕЙДЕ, ДҮЙШӨН, ЭДИГЕЙ, КАЗАНГАП, АРСЕН Ж.Б. АЛАР БИЗДИН АРАБЫЗДА ЭЛЕ, АНЧЕЙИН БАЛКИМ БИЛИНБЕЙ ЖҮРГӨН КААРМАНДАР. БИРОК АДАМ БАЛАСЫ СЫНАЛА ТУРГАН УЧУРГА КЕЛГЕНДЕ АЛАР АБИЙИР, НАМЫС ЖАНА БИЙИК АДАМДЫК КАСИЕТТЕРИН КӨРСӨТҮП, АДАМ ДЕГЕН УЛУУ АТТЫ БИЙИК ТУТКАН ИНСАНДАР БОЛУП ЧЫГА КЕЛИШЕТ. ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ УЛУУ СҮРӨТКЕР КАТАРЫ КӨПЧҮЛҮК БААМДАЙ БИЛБЕГЕН ЖАГДАЙДА ЖӨНӨКӨЙ АДАМДАГЫ УЛУУ САПАТТАРДЫ ТАБА БИЛГЕН. АНЫН АЙРЫМ АДАБИЙ КААРМАНДАРЫ КАНДАЙДЫР БИР ДЭҢГЭЭЛДЕ ТАРЫХИЙ КААРМАНДАЙ ТААСИРГЕ ЭЭ. БАШКАЧА АЙТКАНДА, АЙТМАТОВ АЙЫЛДЫК КАРАПАЙЫМ КЫРГЫЗДАРДАН ДҮЙНӨ ТААНЫГАН КЫРГЫЗДАРДЫ ЖАРАТТЫ, МАСЕЛЕН, ТАНАБАЙ МЕНЕН ТОЛГОНАЙ ЭНЕ.

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН КӨРӨГӨЧТҮГҮ

- СССРДИН 70 ЖЫЛДЫК АДАБИЯТЫНДА СОЦИАЛИСТТИК РЕАЛИЗМ ПРИНЦИБИНЕ ТАЯНЫП НЕ ДЕГЕН ГАНА ПОЭЗИЯЛАР, ПРОЗАЛАР ЖАЗЫЛБАДЫ. ТИЛЕККЕ КАРШЫ АЛАРДЫН ДЭЭРЛИК КӨБҮ БҮГҮН ОКУЛБАЙ КАЛДЫ. БИР ЭЛЕ ПАРТИЯНЫН, БИР ЭЛЕ РЕЖИМДИН, БИР ЭЛЕ ӨЛКӨНҮН ИДЕОЛОГИЯСЫНА КЫЗМАТ ӨТӨГӨН АДАБИЯТ КАТАРЫ КАЛА БЕРДИ. А ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН НЕГИЗГИ ЧЫГАРМАЛАРЫ СОВЕТ ЗАМАНЫНДА ЖАРАЛСА ДА, АЛАР БҮГҮНКҮДӨЙ МААНИЛҮҮ. АНЫН КЕМЕНГЕРЛИГИ - КЕЧЭЭКИНИ БҮГҮН КӨРКӨМДӨП АЙТЫП БЕРГЕНДИГИНДЕ ГАНА ЭМЕС, ЭРТЕҢКИНИ ДА КӨРӨ БИЛГЕНДИГИНДЕ. ОКУРМАН ҮЧҮН КӨП ЧЫГАРМАЛАРЫ УЛАМ ЖАШ ӨТКӨН САЙЫН ЖАҢЫ ӨҢҮТТӨН ӨЗГӨРҮП ТУРАТ. МАСЕЛЕН, «ГУЛСАРАТТЫ» БИЗ БАЛА КЕЗДЕ ЖЫЛКЫГА КЫЗЫГЫП ОКУЧУ ЭЛЕК, ЖАШ КЕЗДЕ МАХАБАТ ТЕМАСЫ КЫЗЫК БОЛДУ, 90-ЖЫЛДАРЫ ДАГЫ БИР ОКУП БҮТҮНДӨЙ КОММУНИСТТИК ДООРДУН ПОРТРЕТИН КӨРДҮК. БАРА-БАРА ЖАШ ӨТКӨН САЙЫН МЕН ҮЧҮН Э.ХЕМИНГУЕЙДИН «ЧАЛ ЖАНА ДЕҢИЗ» ЧЫГАРМАСЫНА ОКШОП БАРАТ.

# АДАМ ЖАНА ЖАНЫБАР

- ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА ЖАНЫБАРЛАР: БУГУ ЭНЕ, ГҮЛСАРЫ, АКБАРА МЕНЕН ТАШЧАЙНАР, КАРАНАР ЖЕ ЖААБАРС, КРЕМЛДЕГИ ҮКҮ ЧЫГАРМАДА БАШКЫ КААРМАН КАТАРЫ КАТЫШАТ. АЛАРДЫН ДА АДАМ СЫЯКТУУ БУЛ ДҮЙНӨДӨ ЖАШООГО АКЫСЫ БАР. …ГҮЛСАРЫНЫН ӨМҮРҮ - БҮТКҮЛДӨЙ БИР КОММУНИСТТИК ДООРДУН ӨМҮРҮ. …АКБАРА МЕНЕН ТАШЧАЙНАРДЫН ӨЧҮ - ТАБИЯТТЫН ӨЧҮ. …БУГУ ЭНЕНИН БАЛАНЫ САКТАП КАЛЫШЫ - АДАМЗАТТЫН ТАБИЯТТАН КӨЗ КАРАНДЫ ЭКЕНДИГИ. …АЛ ЭМИ ДӨНӨНБАЙ АК КУШТУН ЧАКЫРЫГЫ - ЖЕТИ АТАҢДЫ БИЛЕ ЖҮР ДЕГЕНИ. …ЭНЕ - БЕЙИШТИН ТИКЕН ЗЫМ МЕНЕН КУРЧАЛГАНЫ - СОВЕТТИК СИСТЕМАНЫН КУДАЙСЫЗ КАЛГАНДЫГЫ. …АКБАРА МЕНЕН ТАШЧАЙНАР, ЖЕ КЕЧЭЭКИ ЭЛЕ ЖААБАРС АРКЫЛУУ НЕ БИР ТЕРЕҢ ЖАНА ЭСКЕРТҮҮ КОҢГУРООСУ УГУЛУП ЖАТПАЙБЫ...

# СОГУШ ТЕМАСЫ

- ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ ОШОЛ СОГУШ ДООРУНУН ДҮЙНӨЛҮК ДЭҢГЭЭЛДЕГИ ЭҢ КӨРҮНҮКТҮҮ ЖАЗУУЧУСУ. «ЭРТЕ КЕЛГЕН ТУРНАЛАР», «БЕТМЕ БЕТ», «ЖАМИЙЛА», «САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ» ДЭЭРЛИК СОГУШ ТЕМАСЫНА АРНАЛГАН. БИРОК АЛ СОГУШТУН ЖЕКСУРЛУГУН СОГУШ ТАЛААСЫНДАГЫ КЫРГЫЛДАШКАН САЛГЫЛАШУУ МЕНЕН ЭМЕС, БИР ОКТУН ҮНҮ УГУЛБАГАН ТЫЛДАГЫ АДАМДЫН ГАНА ТРАГЕДИЯСЫ АРКЫЛУУ УКМУШТАЙ КӨРКӨМ АЙТЫП БЕРЕ АЛГАН. БИР ЭЛЕ МАСЕЛЕН ТОЛГОНАЙ ЭНЕНИН МОНОЛОГУ - БУЛ ШЕКСПИРДИК ДЭҢГЭЭЛДЕГИ УЛУУ ТРАГЕДИЯ. ЭҢ КЫЗЫКТУУ ПАРАДОКС. ДҮЙНӨДӨ ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЭҢ КӨП ОКУГАН ЭЛ НЕМИС ЭЛИ, «ЖАМИЛА» КИТЕБИ ЭЛЕ 37 ЖОЛУ КАЙРА-КАЙРА ЖАРЫК КӨРГӨН.

# МИФ ЖАНА РЕАЛДЫК ЖАШОО

- ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫ «АК-КЕМЕДЕГИ» БУГУ ЭНЕ ЖОМОГУНАН БАШТАЛЫП, НАЙМАН-ЭНЕ, «ЖЕТӨӨ ЖАНА БИРӨӨ» ГРУЗИН ЛЕГЕНДАСЫ МЕНЕН УЛАНЫП, АКЫРКЫ «САРДАЛ КЫЗГА» ЧЕЙИН УЛАМ БИР ЧЫГАРМАДА УЛАМ ЖАҢЫ ИКАЯ ТОЛУКТАП, КОШТОП, ПАРАЛЛЕЛДҮҮЛҮК ӨРКҮНДӨП ЖҮРҮП ОТУРАТ. ЖОМОК МЕНЕН РЕАЛДУУ ТУРМУШ ҮЗӨҢГҮЛӨШ ЖҮРӨТ, АЙРЫКЧА «КЫЛЫМ КАРЫТАР БИР КҮН» ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ ПОНТИЙ ПИЛАТКА БАЙЛАНЫШКАН ОКУЯЛАР ЖЕ БОЛБОСО ЧЫНГЫЗХАНДЫН АК БУЛУТУ. ЖЕ Б.А. ИКАЯ, БАЯН, ЖЕ ПРИТЧА БУ ЧЫНЫГЫ ЖАШООНУН БАЛАЛЫК, АРУУ КЕЗИ СЫЯКТУУ ТУЮЛАТ. ОШОНДОГУ ЭЛЕ КААРМАНДАР БҮГҮНКҮ ЖАШООБУЗДА БИЗ МЕНЕН БИРГЕ ЖҮРҮШӨТ. ЖОМОК ЖАРАЛГАНДАН БЕРИ НЕ БИР КЫЛЫМДАР ӨТТҮ, НЕ ДЕГЕН ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАР ӨЗГӨРҮП, НЕ ДЕГЕН ТЕХНОЛОГИЯЛАР РЕВОЛЮЦИЯ БОЛДУ. А БИРОК, АДАМГЕРЧИЛИК РЕВОЛЮЦИЯСЫ БОЛО ЭЛЕК. ТЕСКЕРИСИНЧЕ АРТКА КЕТКЕН ЖОКПУЗ БУ?

# СҮЙҮҮ ТЕМАСЫ

- ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ӨЗГӨЧӨ ЖАЛЫНДАГАН ТЕМА БУЛ - АЛБЕТТЕ СҮЙҮҮ ТЕМАСЫ. ЖӨНӨКӨЙ АДАМДАРДЫН СҮЙҮҮСҮНДӨГҮ УЛУУ ЖАНА АРУУ СЕЗИМДЕР: …АСЕЛ МЕНЕН ИЛЬЯС, …МЫРЗАГҮЛ МЕНЕН СУЛТАНМУРАТ, …ДАНИЯР МЕНЕН ЖАМИЙЛА …, РАЙМАЛЫ МЕНЕН БЕГИМАЙ, …ЭРДЕНЕ МЕНЕН ДОГУЛАН. ЖЕ ӨТӨ ЭТИЯТ, ЭЧ БИР КОЛ ТИЙЕ ЭЛЕК БИЙИКТЕГИ ГҮЛ СЫМАК БУЛГАНАЛЕК ТАНАБАЙ МЕНЕН БҮБҮЖАНДЫН, ЭДИГЕЙ МЕНЕН ЗАРИПАНЫН МАМИЛЕСИ НЕ ДЕГЕН КЕРЕМЕТ СЕЗИМДЕР.
- МАХАБАТ ТЕМАСЫ - АДАМДЫ АДАМ КЫЛЫП ТУРГАН ЭҢ БИЙИК АРУУ СЕЗИМ КАТАРЫ СҮРӨТТӨЛӨТ. АЗЫРКЫДАЙ ЖЕҢИЛ, ШОУ СҮЙҮҮ УЛУУ ЖАЗУУЧУ ҮЧҮН ЖАТ ТЕМА. АДАМДЫ СҮЙҮҮ, БУЛ ЖАШООНУ, ТАБИЯТТЫ, СУЛУУЛУКТУ, ӨМҮРДҮ, СҮЙҮҮ КАСИЕТИ МЕНЕН БИЙИКТЕП ОТУРАТ.

# АДЕП-АХЛАК ТЕМАСЫ ЖЕ ЖАН-ДҮЙНӨ ЭКОЛОГИЯСЫ

- АЙРЫКЧА МОМУН ЧАЛ МЕНЕН БАЛА, ДҮЙШӨН МЕНЕН ТАНАБАЙ, ТОЛГОНАЙ, ОРГАН КАРЫЯ МЕНЕН ЭДИГЕЙ, СЕЙИТ МЕНЕН СЕЙДЕ, КАЗАНГАП МЕНЕН АРСЕН, БОСТОН МЕНЕН АВДИЙ КАЛЛИСТРАТОВ, ФИЛОФЕЙ АДАМДЫ АДАМ БОЙДОН КАЛУУГА ҮНДӨП ТУРГАН КААРМАНДАР. ОШОЛ ЭЛЕ УЧУРДА ОРОЗКУЛ, БАЗАРБАЙ, САБИТЖАН, ЭРТАШ КУРЧАЛ, ТАШЧАЙНААРСЫЗ АТАЛГАН ЧЫГАРМАЛАРДЫ ЭЛЕСТЕТҮҮ МҮМКҮН ЭМЕС. …АК МЕНЕН КАРА, …КҮН МЕНЕН ТҮН, …СҮЙҮҮ МЕНЕН ЖЕК КӨРҮҮ, …КҮЛҮК МЕНЕН КАШАҢ, …БАЛА МЕНЕН ЧАЛ (ЖЕ ЭНЕ) АЙТМАТОВДУК ТЕМАДА ДАЙЫМ ЭРИШ-АРКАК КЕЗДЕШЕТ ДАЛ ТУРМУШТУН ӨЗҮНДӨЙ БОЛУП.

# ЭКИ ТИЛДЕ ЖАЗГАН ЗАЛКАР ЖАЗУУЧУ

- СССР УБАГЫНДА ӨЗ ЭНЕ ТИЛИНДЕ ЖАНА ОРУС ТИЛИНДЕ ЭКИ БИРДЕЙ ЖАЗГАН, В. БЫКОВ, И.ДРУЦЕ, Р.ИБРАГИМБЕКОВ, Т.ПУЛАТОВ СЫЯКТУУ АКЫН ЖАЗУУЛАР ӨТӨ СЕЙРЕК БОЛГОН. АЙТМАТОВ ӨЗҮ ТЕГИ КЫРГЫЗ БОЛУП ТУРУП, ОРУС ТИЛИНДЕ Ф.ДОСТОЕВСКИЙДИН ДЕҢГЭЭЛИНДЕ ЖАЗА БИЛГЕНДИГИ КӨП ОРУС ИНТЕЛЛЕКТУАЛДАРЫН ТАМШАНДЫРГАН. МАНАСТЫН ТИЛИ МЕНЕН ОРУСТУН ТИЛИН БИРДЕЙ БИЛГЕН БАЛКИМ АЙТМАТОВ ЖАЛГЫЗ КЫРГЫЗ БОЛСО КЕРЕК.
- КЫРГЫЗ ЖАНА ОРУС ТИЛИ ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ ЧЫГАРМАЛАРЫН БИЙКТИККЕ КӨКӨЛӨТКӨН ЭКИ КАНАТ СЫЯКТУУ. ЭКИ ТИЛДЕ БИЙИК ЧЕБЕРЧИЛИКТЕ ЖАЗА БИЛГЕН ЗАЛКАР ТАЛАНТ. ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ ӨЗ ЧЫГАРМАЛАРЫ МЕНЕН КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ЭБЕГЕЙСИЗ КӨРКӨМ ТИЛ ЭКЕНДИГИН АЧЫП БЕРДИ.
- БАЛКИМ, КӨПЧҮЛҮК БААМДАЙ БЕРБЕСЕ КЕРЕК, 1980-ЖЫЛДАРЫ «РУХАНИЯТ», «ИНСАН» ЖАНА «МАҢКУРТ» ДЕГЕН СӨЗДӨР КӨБҮНЕСЕ ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ АРКЫЛУУ ТАРКАГАН. АЙРЫКЧА, «МАҢКУРТ» БҮГҮНКҮ КҮНДӨ ОРУС, АНГЛИС, НЕМИС, КЫТАЙ, АРАБ Ж.Б. ДҮЙНӨЛҮК ТИЛДЕРДЕ КОТОРМОСУ ЖОК «МАҢКУРТ» ЭЛЕ БОЛУП КОТОРУЛАТ. АНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫ КАРАПАЙЫМ АДАМ МЕНЕН АКАДЕМИККЕ БИРДЕЙ ТҮШҮНҮКТҮҮ.
- ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ АЛ КЕЗДЕГИ «НОВЫЙ МИР» ЖУРНАЛЫНЫН БАШКЫ РЕДАКТОРУ АЛЕКСАНДР ТВАРДОВСКИЙДИ ӨТӨ СЫЙЛАП, АЭ ЭМИ УЛУУ ЖАЗУУЧУ М.ДОСТОЕВСКИЙДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН ЭҢ БИЙИК БААЛАГАН.

# СЫЙЛЫКТАРЫ

- КЫРГЫЗ ЭЛ ЖАЗУУЧУСУ (1968), ТОКТОГУЛ АТЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫКТЫН ЛАУРЕАТЫ (1979), КРУИАСЫНЫН АНЫК МҮЧӨСҮ (1974). СОЦ. ЭМГЕК БААТЫРЫ (1978), ЛЕНИНДИК (1963) ЖАНА СССР МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫГЫНЫН ЛАУРЕАТЫ (1968, 1977, 1983), ЕВРОПА ИЛИМДЕР, ИСКУССТВО ЖАНА АДАБИЯТ АКАДЕМИЯСЫНЫН АНЫК МҮЧӨСҮ (ПАРИЖ, 1983), БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК ИЛИМ ЖАНА ИСКУССТВО АКАДЕМИЯСЫНЫН АКАДЕМИГИ (СТОКГОЛЬМ, 1987), "ЫСЫККӨЛ ФОРУМУНУН" ПРЕЗИДЕНТИ, АВСТРИЯ, АВСТРАЛИЯ, АМЕРИКА, ИНДИЯ, ИТАЛИЯ, ТҮРКИЯ, ЯПОНИЯ Ж. Б. ӨЛКӨЛӨРДҮН ЭЛ АРАЛЫК СЫЙЛЫКТАРЫНЫН ЛАУРЕАТЫ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ БААТЫРЫ (1997).



# АТА-ЭНЕСИ

- АТАСЫ ТӨРӨКУЛ АЙТМАТОВ КПССТИН КЫРГЫЗ ОБКОМУНУН КАТЧЫСЫ БОЛГОН. ТӨРӨКУЛ 1937-ЖЫЛЫ РЕПРЕССИЯЛАНЫП, 1938-ЖЫЛЫ ЖАЗЫКСЫ ЖЕРДЕН "ПАНТҮРКИСТ" КАТАРЫ АТЫЛЫП КЕТКЕН. ЭЛ ИЧИНДЕ КАДЫР-БАРКТУУ, КӨРҮНҮКТҮҮ АДАМДАРДАН БОЛГОН.
- АПАСЫ, НАГИМА ХАМЗЕЕВНА АЙТМАТОВА - ТЕГИ БОЮНЧА КАРАКОЛДУК ТАТАР. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ТЕАТРДА АКТРИСА БОЛГОН. БИЛИМДҮҮ, ЭЛ ООЗУНА АЛЫНГА АКЫЛДУУ АЯЛДАРДАН БОЛГОН. АНЫН АТАСЫ ХАМЗА КАРАКОЛ ШААРЫНДАГЫ БАЙ ЖАНА ИНТЕЛЛЕКТУАЛ ТАТАРЛАРДАН БОЛГОН.



# БИР ТУУГАНДАРЫ




- КИЧҮҮ ИНИСИ - ИЛГИЗ АЙТМАТОВ (08.02.1931) - ТЕХНИКА ИЛИМДЕРИНИН ДОКТОРУ, АКАДЕМИК.
  КИЧҮҮ КАРЫНДАШЫ - АЙТМАТОВА ЛЮЦИЯ (1934-1995) - КООМДУК ИШМЕР.
  КИЧҮҮ КАРЫНДАШЫ - АЙТМАТОВА РОЗА (РОЗЕТТА) (1937) - ДОЦЕНТ, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНЫН ЭМГЕК СИҢИРГЕН ИШМЕРИ.

# ЖЕКЕ ЖАШООСУ

- БИРИНЧИ АЯЛЫ КЕРЕЗ ШАМШИБАЕВА МЕНЕН ЖАЗУУЧУ АЙЫЛ ЧАРБА ИНСТИТУТУНДА ОКУП ЖҮРГӨНДӨ ТААНЫШКАН. КЕРЕЗ МЕДИНСТИТУТТА ОКУП, АЛ ДАГЫ АДАБИЯТКА КЫЗЫКЧУ.
- МЕКТЕПТИ БҮТКӨНДӨН КИЙИН МОСКВАДАГЫ АДАБИЯТ ИНСТИТУТУНА ЖОЛДОМО АЛАТ, БИРОК ШАРТКА БАЙЛАНЫШТУУ КЕТЕ АЛБАЙ КАЛГАН. КЕРЕЗ ШАМШИБАЕВА МЫКТЫ ДАРЫГЕР БОЛОТ.
- ЭКИ УУЛ ТӨРӨЙТ.  САНЖАР ЧЫНГЫЗОВИЧ 1954 ЖЫЛЫ ТӨРӨЛГӨН, АЛ ЖУРНАЛИСТ ЖАНА АДАБИЯТЧЫ, БИЗНЕСМЕН. АСКАР ЧЫНГЫЗОВИЧ 1959-ЖЫЛЫ ТӨРӨЛГӨН, ТАРЫХЧЫ, ЧЫГЫШ ТААНУУЧУ.



ЭЛҮҮНЧҮ ЖЫЛДАРДЫН АЯГЫНДА ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ ӨЗҮНҮН ЧЫНЫГЫ СҮЙҮҮСҮ-БҮБҮСАРА БЕЙШЕНАЛИЕВАНЫ ТАБАТ. БУЛ СҮЙҮҮ ЛЕНИНГРАДДА БАШТАЛЫП 14 ЖЫЛ БОЮ СОЗУЛАТ. СҮЙҮШКӨНДӨР БАШ КОШО АЛЫШКАН ЭМЕС, СЕБЕБИ АЛ СССР ДИН ЭЛ АРТИСТИНЕ ҮЙЛӨНҮШ ҮЧҮН АЯЛЫ МЕНЕН ЖӨНҮ ЖОК АЖЫРАША АЛГАН ЭМЕС.
ОШЕНТИП 14 ЖЫЛ БОЮ ЖАШЫРУУН СҮЙЛӨШҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ ЭЛ АРАСЫНДА УШАКТАР ЖҮРДҮ. БҮБҮСАРА БЕЙШЕНАЛИЕВА 1973- ЖЫЛЫ 10 -МАЙДА РАК ООРУСУНАН КАЗА БОЛОТ. 20 ЖЫЛДАН КИЙИН АЙТМАТОВ МУХТАР ШАХАНӨВ МЕНЕН ЖАЗГАН «АСКАДА КАЛГАН АҢЧЫНЫН ЫЙЫ» ДЕГЕН КИТЕБИНДЕ ТОЛУК БУЛ СҮЙҮҮНҮН БАЯНЫН ЖАЗГАН



**_БҮКӨН, ТАТЫНАМ, КАРАЧЫ, КАНДАЙ СОНУН БОЛУП ТУРАМ БУЛ СҮРӨТТӨ!_**
**_КАЙТА-КАЙТА КАРАП САГЫНЫП ЖАТАМ._**
**_И КАК БЫ МНЕ НЕ БЫЛО ТЯЖЕЛО, ВСЕ РАВНО БЛАГОДАРЮ СУДЬБУ, ЧТО ОНА ПОДАРИЛА МНЕ ЛЮБОВЬ К ТЕБЕ. САМОЕ БОЛЬШОЕ, ЧЕМ НАДЕЛИЛА МЕНЯ ЖИЗНЬ – ЭТО НАСТОЯЩАЯ ЛЮБОВЬ К ТЕБЕ. И ЗА ЭТО Я, БЛАГОДАРЕН ЕЙ, ЖИЗНИ._**
**_А ТЫ! А ТЫ НЕ ОЧЕНЬ…"_ ДЕП ЖАЗЫП АТПАЙБЫ ЧЫҢГЫЗ БҮБҮСАРАГА ЖАЗГАН КАТТАРЫНЫН БИРИНДЕ.**



«БҮБҮСАРАДАН СОҢ ЖАЛГЫЗСЫРАП, БОШ КАЛГАН КӨҢҮЛҮМДҮ ЭЧ НЕРСЕ МЕНЕН ТОЛУКТАЙ АЛБАЙ ЖҮРГӨН ЧАГЫМДА ТАГДЫР МАРИЯМ МЕНЕН ТАБЫШТЫРДЫ. КӨҢҮЛДҮН БӨКСӨСҮ БҮТӨЛГӨНДӨЙ, ЖҮРӨКТҮН ЖАРАТЫ АЙЫККАНДАЙ БАКУБАТ ӨМҮР СҮРҮҮДӨМҮН…»,-ДЕП ЭСКЕРГЕН АЙТМАТОВ



АЙТМАТОВДУН ЭКИНЧИ АЯЛЫ МАРИЯ УРМАТОВНА БОЛГОН. АЛ БУГА ЧЕЙИН КҮЙӨӨГӨ ТИЙИП ЧОЛПОН ДЕГЕН КЫЗЫ БОЛОТ. АЛ ЭМИ АЙТМАТОВ ЭКӨ ЭЛДАР АТТУУ УУЛУ ЖАНА ШИРИН АТТУУ КЫЗДУУ БОЛУШАТ.



# УЛУУ ЖАЗУУЧУНУН ДҮЙНӨДӨН КАЙТЫШЫ

- ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ 2008-ЖЫЛДЫН 10-ИЮНУНДА 80 ЖАШ КУРАГЫНДА ДУЙНОДОН КАЙТАТ. БИРОК АНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫ КЫРГЫЗ ЖАНА БАШКА УЛУТТАРДЫН ЭЛИ УЧУН ТУБОЛУК ЖАШАЙ БЕРЕТ.
- КЫРГЫЗСТАНДЫН ЗАЛКАР УУЛУ ЧЫНГЫЗ ТОРОКУЛОВИЧ АЙТМАТОВ ЖОНУНДОГУ ЖАРКЫН ЭЛЕС КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭСИНДЕ ТУБОЛУК САКТАЛАТ ЖАНА АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК МУРАСЫ ДУЙНО ЭЛДЕРИНИН ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК МАДАНИЯТЫНА БАА ЖЕТКИС САЛЫМ БОЛОТ.

